**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

10-март 2023-ж. № 03 Бишкек ш.

**Хирургиялык профилдеги клиникалык медицина боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 17 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2023-жылдын 2-мартындагы № 069 токтомунун (№ 2э/к-4/8 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Хирургиялык профилдеги клиникалык медицина боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 17 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Эксперттик кеңештин окумуштуу катчысы м.и.к. Базарбаева Айдай Русланбековна 14.01.07 – көз оорулары (авторефераты боюнча) адистиги боюнча декреттик өргүүгө чыккандыгына байланыштуу жеке арызынын негизинде эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана адистикти жогорулатуу институтунун гемодиализ курсу менен нефрология жана урология кафедрасынын ассистенти м.и.к., доц. Стамбекова Канышай Нурмаматовна 14.01.23 – урология (авторефераты боюнча) адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен эксперттик кеңештин курамына киргизилсин жана эксперттик кеңештин окумуштуу катчылыгына дайындалсын.
3. 14.01.07 – көз оорулары адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар тышкы эксперттик корутундунун негизинде каралсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**